*К. Дербишев атындагы*
*Талды-Булак орто мектеби*
*720044, Бөксө-Жол айылы.,*
*Медер көчөсү., н/ж*
*ИНН 02702200410176*
*taldybulak92* **@mail.ru**
*Тел:7.00.15*

**720044, Талды-Булакская**
*сш.им.К.Дербишева*
*с.Боксо-Жол ул.Медер б/н*
*ИНН 02702200410176*
*taldybulak92* **@mail.ru**
*Тел:7.00.15*

Канат Дербишев атындагы

Талды-Булак орто мектебинин

педагогикалык кеңешмесинин отуруму

# ПРОТОКОЛ №1

10.09.2021 Бөксө-Жол айылы

Катышкандар: 17

Себептүү: 1

Баардыгы: 18

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. 2020-2021-окуу жылында окуу тарбия иштери боюнча иштелген иштин анализдери . Баяндамачы ОТИ боюнча д.о.б. Смаилова Ш.А.
2. 2021-2022-окуу жылы үчүн жылдык окуу планын кабыл алуу, окуу жүктөмүн базистик план боюнча бөлүштүрүү. Баяндамачы- директор Өмүркулова А.С.
3. Окуучуларды олимпиадаларга, ЖРТ га, кароо сынактарга даярдоо боюнча иш пландарын иштеп чыгуу боюнча багыттарын кароо.
4. 2021-2022- окуу жылына карата негизги милдеттер жана максаттар. Баяндамачы-директор Өмүркулова А.С.
5. Учурдагы иштер.

**УГУЛДУ:**

**1 .** – Смаилова Ш.А.- 2020-2021- окуу жылында окуучулардын билим сапаты төмөнкүдөй болду:

I чейректе билим сапаты 30%

I I чейректе билим сапаты 31%

I I I чейректе билим сапаты 33%

IV чейректе билим сапаты 35%

(Тиркеме №1)

Мектепте 11 класс комплектелген алардан тышкары 1 даярдоо классы билим алышты.

2020-2021- окуу жылындагы К.Дербишев атындагы Талды-Булак орто мектебинде23-сентябрь "Мамлекеттик тил күнүнө" карата онлайн салтанаттуу иш чара өткөрүлдү.

Тарбиялык ачык сааттар 2-3-4-класстарда класс жетекчилери "Мен Ата Мекнди сүйөм" класстык сааттарды өтүштү. 5-6-7-8-класстарда "Ооган жоокерлерине таазим" деген темада класстык сааттар өтүлдү. 9-10-11-класстар арасында "15-февраль Ооган согушунун келип чыгышы, Совет жоокерлеринин эрдиги" деген темада диспут өтүлүп, парламенттин окуучулары тарабынан даярдалган видео слайд көрсөтүлдү.

5-март ак калпак күнүнө карата 4-5-6-7-класстар арасында "Кыргызымдын жигиттери" деген темада сүрөт сынагы уюштурулду. Аялдардын эл аралык күнүнө карата "Даткайым" сулуулар сынагы уюштурулду.

Жыл ичинде "Жолдо дүрүүнүн эрежелерин сактай бил" деген темада түшүндүрүү иштери , "Рэкетчиликке жол жок", "Алкоголь жана наркоманиянын зыяндуулугу" деген темада диспуттар, "Кургак учукту алдын алуу", "Таза колдор", "COVID 19 сак бол" деген темада иш чаралар уюштурулду.

**2 .** -Өмүркулова А.С.- 2021-2022-окуу жылына карата мектептин жылдык иш планы түзүлүп райондук билим берүү жетекчилиги менен макулдашылды. Базистик окуу планынын негизинде сааттарды туура бөлүштүрүүгө жана курамында окуу завучу, профсоюз уюмунун жетекчиси, УБ жетекчиси кирген тарификациялык комиссия түзүүнү сунуштайм. Усулдук бирикменин жетекчилигине:

1. Так жана табийгый илимдердин УБ жетекчилигине- Кулназарова Ж.Ж.
2. Башталгыч класстардын УБ жетекчилигине-Кутманалиева С.Р.
3. Гуманитардык УБ жетекчилигине-Кокумова Ж.А.

Чыгып сүйлөгөндөр:
Куликеева Ж.Б.-комиссиянын курамы туура эле сунушталды деген ойдомун, 2020-2021-окуу жылында аты аталган УБ жетекчилери активдүү иштеп беришкен.

Мектептин жалпы жамааты УБ жетекчилерин бир добуштан колдоп беришти.

**3.** ӨмүркуловаА.С. 2021-2022-окуу жылына карата Республикалык олимпиадага окуучуларды даярдоо үчүн иш планды ар бир предмет боюнча иштеп чыгууну жана райондук билим берүү бөлүмүнүн МБ жетекчилиги менен макулдашылып, 2021-жылдын 20-сентябрына чейин бекитүүнү сунуштайм. Ошондой эле олимпиадага катышуучу окуучулардын тизмесин жыл башынан эле тактап алсак.

**4 .** 2021-2022-окуу жылында мектептин алдыга койгон максаты катары "Жаңы технологиялык инновациялык ыкмаларды колдонуп окуучулардын билим сапатын жогорулатуу менен республикалык олимпиадада ийгиликке жетишүү менен руханий адеп-ахлакка тарбиялоо" деген проблеманын үстүндө иштөөнү сунуштайт элем.

**ЧЕЧИМ:**

1. 2020-2021-окуу жылындагы окуу жана тарбия иштеринин отчету канааттандырарлык деп табылсын.

2. Тарификацияны өз мөөнөтүндө өткөрүү үчүн курамында: Смаилова Ш.А., Айдыралиева Г.К., Кокумова Ж.А., Кутманалиева С.Р., Кулназарова Ж.Ж. турган комиссия мүчөлөрү түзүлсүн.
3. Базистик окуу планынын негизинде саат жүктөмдөр мугалимдерге бөлүштүрүлүп, календардык пландар 2021-жылдын 16-сентябрына чейин, олимпиаданын иш пландары 2021-жылдын 20-сентябрына чейин бекитилсин.
4. Мектеп ичинде гуманитардык УБ жетекчилигине Кокумова Ж.А., так жана табигый УБ жетекчилигине Кулназарова Ж.Ж., башталгыч класстардын УБ жетекчилигине Кутманалиева С.Р. дайындалсын.
5. Педагогикалык стажы 3 жылдан кем болгон Абдыкеримова А.Т. насаатчы болуп Исмайылова С.Д. дайындалсын.
6. 2021-2022-окуу жылына карата "Жаңы теехнологиялык инновациялык ыкмаларды колдонуп, окуучулардын билим сапатын жогорулатуу менен республикалык олимпиадада ийгиликке жетишүү жана руханий адеп-ахлакка" деген проблеманын үстүндө иштесин.

**Мектеп директору:** **Өмүркулова А.С.**